

## БОЛОТ ШАМШИЕВГЕ АРНАЛГАН КИНОКЕРБЕН

*«Кыргыз кино кереметинин» негиздөөчүлөрүнүн бири Болот Шамшиевдин 80 жылдыгына арналган кинокербен 1-апрелде башталды. Кинокербен республиканын бардык облус борборлорунда жана Бишкек шаарында өтөт. Мында Шамшиев тарткан жана кыргыз киносунун 80 жылдыгына карата тартылган тасмалар көрсөтүлүп, ноябрь айында Бишкек шаарында жыйынтыкталат.*



## COVID-19: ГЛОБАЛДЫК КЕЛИШИМГЕ КОЛ КОЮЛАБЫ?

*23 өлкөнүн лидерлери менен Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму глобалдык келишимге кол коюуну сунушташты. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эң чоң көйгөйгө айланган пандемияга каршы биргелешип күрөшүү керектигин түшүндүк. Бир дагы мамлекет бул илдетти өз алдынча жеңе албастыгына да ишендик.*


Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG | Шейшемби, 2021-жылдын 6-апрели | №31 (3210)




*Кыргыз Республикасынын президенти Садыр Жапаров 3-4-апрель күндөрү иш сапары менен Баткен жана Ош облустарында болду. Баткен облусунда Мамлекет башчысы Бужум аскер полигонунда өткөн «Коопсуздук – 2021» жана «Калыптандыруу Түштүк – 2021» аскердик машыгууларынын жыйынтыктоочу бөлүгүнө катышты.*

# МЕКЕНДИ КОРГООДОН ӨТКӨН ЫЙЫК МИЛДЕТ ЖОК





## ПАМИРЛИК КЫРГЫЗДАР

*Иш сапарынын экинчи күнүндө Президент Садыр Жапаров Ош облусунун Алай районундагы Талды-Суу айылына Кичи жана Чоң Памир аймактарынан көчүп келген этникалык кыргыздар менен жолугушту.*

2-БЕТТЕ



## БИШКЕКТЕГИ ВЕЛОЖҮРҮШ

*Өткөн жекшемби күнү Бишкекте велоспорт сүйүүчүлөрдүн жүрүшү өтүп, быйылкы велосезон расмий ачылды. Велоспорт ышкыбоздорунун арасында мэрдин милдетин аткаруучу Бактыбек Кудайбергенов да болду. Алар «Адинай» жана «Ден соолук» парктарында веложүрүш уюштурушту.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Түштүк сапары

# МАМЛЕКЕТТИН КООПСУЗДУГУ САКТАЛАТ

***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 3-4-апрель күндөрүндө өлкөбүздүн түштүк регионуна иш сапары менен барды.***

3-апрелде Баткен облусундагы Бужум аскер полигонуна келип, «Коопсуздук — 2021» жана «Калыптандыруу Түштүк — 2021» командалык-штабдык жана мобилизациялык машыгуулардын жыйынтыктоочу фазасына көз салды.

Өлкөнүн коргоо министри Таалайбек Өмүралиев Мамлекет башчысына 1-апрелден 3-апрелге чейин Баткен, Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймагында өткөрүлгөн машыгуулардын максаттары менен алардын жүрүшү жөнүндө маалымат берди.

## МАШЫГУУЛАРДЫН МААНИСИ ЧОҢ

Садыр Жапаров машыгуунун катышуучуларынын алдында сөз сүйлөп, дүйнө жүзүндө конфликттик мүмкүнчүлүк курчуп, эл аралык терроризмдин, экстремизмдин коркунучу күчөп, трансулуттук уюшкан кылмыштуулук менен радикализмдин идеялары жайылып бара жатканын белгиледи. Мамлекет башчысы мындай шартта мамлекеттүүлүктү бекемдөө, коопсуздукка коркунуч туудурган көрүнүштөргө жооп кайтаруу, өлкөбүздүн аймагында жана чек араларда конфликттик мүмкүнчүлүктү төмөндөтүү боюнча кадамдарды ишке ашыруу маанилүү экендигин айтты.

Коргоо министрлигинин күчү жана каражаты менен өткөрүлгөн машыгуулар республиканын аймагына мыйзамсыз кирген куралдуу топторго бөгөт коюу жана аларды жок кылуу боюнча атайын биргелешкен операция ишке ашырылды. Согуштук жана өзгөчө абал киргизилген шарттарда кырдаалды турукташтыруу боюнча тапшырмалар иштелип чыкты.

## ЖЫЛ САЙЫН ӨТӨТ

Машыгуулар аяктагандан кийин Президент Садыр Жапаров сөз сүйлөп, мындай иш-чаралар өлкөнүн Коргоо министрлиги тарабынан жыл сайын республиканын ар кайсы облустарында өткөрүлүп турарын билдирип, айырмаланган аскер кызматкерлерине сыйлык тапшырды. Мындан сырткары, Садыр Жапаров Коргоо министрлигинин 30-630 аскер бөлүгүнө Президенттин резервдик фондунан бөлүнгөн 600 миң сомдун сертификатын берди. Андан соң машыгуунун катышуучуларынын салтанаттуу жүрүшү болду. Иш-чарага Россия, Казакстан, Беларусь, Тажикстан, Улуу Британия, Пакистандын аскер атташелери дагы чакырылган.

Садыр Жапаров аскер кызматкерлери менен талаа ашканасында түштөнүп, аскердик кызмат өтөп жаткандардын шарттарын сурап, аларды кызыктырган суроолорго жооп берди.

## ӨНҮГҮҮГӨ ТҮРТКҮ БЕРЕТ

Президент 3-апрелде Кара-Булак айылындагы «CASA-1000» долбоору алкагында электр өткөрүүчү жогорку вольттуу мамычанын пайдубалына капсула салып, бул долбоор Кыргызстандын өнүгүшү жана гүлдөп-өсүшү үчүн узак жылдар бою кызмат кыла берүүсүн каалады. Ошондой эле аталган долбоорго ак батасын берген жергиликтүү тургундар жана аксакалдар менен баарлашты.

Кыргыз Республикасы үчүн «CASA-1000» долбоору энергия кубаттуулуктарын жогорулатуунун жаңы барагын ачат жана бүтүндөй Борбордук жана Түштүк Азия өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө түрткү берет, - деп белгиледи Садыр Жапаров.

Азыркы учурда Камбар-Ата-2 ГЭСинин экинчи агрегатын ишке киргизүү, Токтогул, Үч-Коргон жана Ат-Башы ГЭСтерин модернизациялоо боюнча долбоорлор ишке ашырылууда. Бул долбоорлорду аяктоо "CASA-1000" долбоорунун алкагында электр энергиясын жеткирүү боюнча милдеттенмелерди толугу менен аткарууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын электр энергиясы менен камсыздоого мүмкүндүк берет, экспорттоого жол ачылат", - деди Мамлекет башчысы.



## ӨНӨР ЖАЙ АЙМАГЫ

Президент Садыр Жапаров 3-апрелде Баткен облусунун Баткен шаарында өнөр жай, соода жана логистикалык аймакта жайгашкан ишканалардын курулушу боюнча долбоор менен таанышты.

Мамлекет башчысына маалымдалгандай, Өкмөттүн токтомунун негизинде 172,9 гектар жер тилкеси өнөр жай аймагына берилген. Бүгүнкү күндө жаңы ишканаларды ачуу үчүн 19 жеке ишкерден арыздар келип түшкөн. Жакынкы жылдары 28 жаңы ишкана ачуу пландаштырылууда, анда эки миңден ашуун жумуш орун түзүлөт. Учурда жер тилкелери бөлүнүп берилүүдө жана текстиль фабрикасы, өрүктү кайра иштетүүчү фабрика, чакан эт комбинаты, 1000 тонна мөмө-жемиш сактоочу логистикалык борбор, таш майдалоочу цехтин курулушу жүрүп жатат.

Президент жеңилдетилген ипотекалык насыянын жеткиликтүүлүгүн жана дыйкандар менен чакан жана орто ишкерлерге жеңилдетилген насыянын көлөмүн көбөйтүү маселелерин жеке көзөмөлүнө алгандыгын айтты. Жергиликтүү бийликтин көңүлүн ички инвесторлор менен ишкерлердин маселелерин чечүүдө ар тараптуу жардам көрсөтүүгө бурду.



## ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

«Памирлик кыргыздардын кыйынчылыктары мени дайыма тынчсыздандырып келет. Аларды тарыхый Мекенине толугу менен көчүрүп келүүнү көптөн бери каалап келгем, эми ушул тилектеримди ишке ашырууга ниеттенип жатам», - деди Садыр Жапаров 4-апрелде Ош облусунун Алай районундагы Талды-Суу айылына Кичи жана Чоң Памир аймактарынан көчүп келген этникалык кыргыздар менен болгон жолугушуусунда.

Талды-Суу айыл өкмөтүнөн этникалык кыргыздар үчүн турак жай курууга жер бөлүп берилген. 11 үй курулуп, аларга 17 үй-бүлө жайгаштырылып, үй-тиричилигине жана азыктүлүгүнө жардам көрсөтүлгөн.

Мамлекет башчысы көчүрүлүп келип жайгаштыруу мерчемделип жаткан Памирде калган кыргыздарга Чоң-Алай районунун Кашка-Суу айылындагы Бурган-Суу участкасына турак жайларды куруу долбоору менен таанышты. Памирликтер үчүн бирдиктүү конушка зарыл болгон жер тилкелерин тезинен трансформациялоону айтып, конушка билим берүү жана социалдык мекемелердин курулушу сөзсүз каралышы зарылдыгын белгиледи.

# ИНВЕСТИЦИЯ САЛУУГА ЧАКЫРДЫ

***Президент Садыр Жапаров 5-апрелде Корея Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Пак Бён Сок менен жолугушту.***

Пак Бён Сок 3-апрелде Кыргыз Республикасына расмий иш сапары менен келген. Жолугушууда парламенттер аралык саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташуунун аспектилери талкууланды.

Садыр Жапаров Кыргыз Республикасы «Борбор Азия-Корея Республикасы» кызматташтык форумуна чоң маани берерин жана анын алкагында биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашырууга кызыкдар экендигин баса белгиледи. Президент шаарларды жана аймактарды өнүктүрүү, гидроэнергетика, тоо-кен жана текстиль тармагы, өнөр жай, транспорт чөйрөлөрү, туристтик объектилерди, аэропорттторду куруу жана башка маанилүү тармактардагы кызматташтыкты арттыруу максатында кореялык ишкерлердин Кыргызстанда болушуна, инвестиция салышына кызыкдар экендигин билдирди.



Өз кезегинде Корея Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Пак Бён Сок корей тараптын Кыргызстанга инвестицияларды көбөйтүү ниети бар экенин айтты.

# ПАРЛАМЕНТТИК КЫЗМАТТАШТЫК

***Корея Республикасынын Улуттук Ассамблеясынын Төрагасы Пак Бён Сок баштаган парламенттик делегациясы 5-апрелде "Ата-Бейит" мемориалдык комплексине барып, 1916-жылдагы Үркүн улуттук-боштондук кыймылынын 100 жылдыгына арналып тургузулган мемориалдык эстеликке гүлчамбар коюшту.***



КРнын Жогорку Кеңешинин Төрагасы Талант Мамытов 5-апрелде Корея Республикасынын Улуттук жыйынынын Төрагасы Пак Бён Сок менен жолугушту.

Эки өлкөнүн парламент төрагаларынын жолугушуусу алгач тар курамда өтүп, андан соң делегация мүчөлөрүнүн катышуусунда кеңири форматта уланды.

Тараптар парламенттер аралык кызматташтык маселелерин талкуулап, анын ичинен соода-экономикалык байланышты чыңдоо, Кореянын эл аралык кызматташтык уюмунун алкагында алакаларды кеңейтүү жана мамилелерди мындан ары да жигердүү улантуу тууралуу баарлашты.

**Даярдаган**
**Азизбек ЧАМАШЕВ**

Бийликтин ээси – эл

**КР УИАсынын Саясий изилдөөлөр жана экспертиза борборунун директору, КР УИАсынын мүчө-корреспонденти, юридика илимдеринин доктору, профессор Чолпонкул АРАБАЕВ:**




# “КОНСТИТУЦИЯ – БУЛ ӨЛКӨДӨГҮ МЫЙЗАМДАРДЫН БУЛАГЫ”



**- Чолпонкул Исаевич, Конституциянын жаңы долбоору кабыл алынса, супер президенттик башкарууга жол ачылат деп сын айткандар болууда. Мыйзамдарды жакшы билген адам катары айтсаңыз, долбоордо демократиялык принциптер толугу менен сакталганбы?**

- Албетте, Конституциянын жаңы долбоорунда демократиялык принциптер толук сакталды десек болот. Себеби, биз укуктук мамлекетти курабыз деген таризде соңку отуз жылдан бери Баш мыйзамды кайра-кайра өзгөртүүнүн үстүндө келдик. Мындай аракеттерден улам демократияга кенен жана даңгыр жол ачылат дегенге толук ишеним бар. Долбоордо демократияга негизделген бардык принциптер камтылган. Ошондуктан, эл аралык стандартка жооп берет. Бул жагынан эч бир шек санабай эле койсок болот. Кыргызда “Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун” деген кеп бекеринен айтылбаса керек. Адистер бул жагынан кынтыксыз иш алып барышты. Конституция ар бир жаранга тиешелүү болгондуктан, ким болбосун өздөрүнүн укугун талап кыла алат. Бирок, ошол эле маалда Баш мыйзамды терең түшүнүп талдай албаган адамдар, же болбосо өздөрүнүн жеке кызыкчылыгын көздөгөндөр кандай айтса да өздөрүнүн укугу. Улуу Махатма Ганди айткандай: “Адам – өзүнүн акыл оюнун азыгы, эмнени ойлосо ошого айланат”. Турмуш көрсөткөндөй андай адамдарга эч ким тыюу салбайт, жакшыны ойлосо – жакшыга, жаманды ойлосо – жаманга айланат. Эмнени көргүсү келсе ошону көрөт, эмнени уккусу келсе – ошону угат, эмнеге ишенгиси келсе-ага ишенет. Дүйнөнүн кээ бир өлкөлөрү Конституциясы жок эле жашап жатышат. Маселен, Улуу Британия, Швеция, Канада, Жаңы Зеландия, Израил, Ливия, бул мамлекеттер Конституциясы жок эле өнүгүп жатышат. Аларда Баш мыйзамдагы принциптер башка мыйзамдарда каралган. Ошондуктан, көйгөй жаратып, жеке басарланып түнөрүп олтуруштун кажети жок.

**- Конституциянын айланасында саясатчылар гана саймедиреп, талкуулоочу эле. Бул жолу мурдагыларга салыштырмалуу карапайым калк өздөрү аралашып, көңүл кош эмес экендиктерин көрсөтүштү. Баш мыйзамдын жалпы элге иштөөсү үчүн кандай жолдорду көрсөтөсүз?**

- Туура суроо бердиңиз. Бул Баш мыйзам Кыргыз Республикасынын ар бир жараны үчүн жазылган. Кыргызстандын жарандары анда каралган укуктук ченемдер менен күнүмдүк жашоосун улайт. Ошондуктан буга терең маани берип, коомчулук катуу талкууга алып жатат. Өлкөбүздө болгон үч элдик толкундоолордун башаты Конституцияда каралган нормалар жүзөгө ашпай жана сакталбай жаткандыктан улам болду. Жашырганда эмне, кээ бир нормалар чийки болуп калган учурлар көп. Ошону менен катар шайлоолордун калпыстыгы жана мамлекеттик органдарындагы адилеттүүлүктүн жоктугу да элдин наразычылыгын туудуруп келди.

Конституция канчалык анык жана так болсо, ошонун негизинде мыйзамдар кабыл алынат. Башкача айтканда булактын башаты Конституция. Булак канчалык тунук болсо, өзөндөгү суу ошондой болот эмеспи. Анын сыңарындай Конституция канчалык сапаттуу, жогорку деңгээлде болсо кийинки мыйзамдар да ошондой болот. Анын бир дагы нормасына каршы эч кандай мыйзам, укуктук актылар, соттун чечими, мамлекеттик органдардын буйруктары кабыл алынбашы керек. Жарандардын кызыкчылыгы ар дайым корголушу шарт.

**- Эл өзгөрүүнү, өнүгүүнү талап кылып жатат. Жаңы долбоордо элдин жашоосун жакшы нукка бура турган кандай конкреттүү жагдайларды белгилейт элеңиз?**

- 10-январда жалпы эл президенттик башкаруу формасын тандады. Мурда мындай башкарууну бийлик аныктап келген, алар ошого жараша бири да мамлекеттин жоопкерчилигин өз мойнуна алган жок. Элибизде айтылгандай “Бетеге кетет бел калат, бектер кетет эл калат” дегендей, бийликти мыкчыгандар келип кете беришти. Моралдык жоопкерчиликти алса алгандыр, бирок юридикалык жоопкерчиликти алууга батына алышпады. Эл ишеним көрсөткөн адамдарынан эми кайтарым болобу деген үмүт менен жоопкерчиликтин болушун да талап кылып жатышпайбы. Ошондуктан, элдин 80 пайыздан ашыгы бир адамдын башкаруусун тандашты. Жаңы шайланып келген Президентибиз Садыр Нургожоевичке макамына жараша укук дагы, милдет дагы жоопкерчилик дагы жүктөлүп жатат. Бийлик бутактарынын ортосундагы тең салмактуулук сакталбай калды дегендер да жок эмес. Парламенттик башкаруу деп формалдуу атап келген системада мамлекеттик бийликтин бир топ укуктары Жогорку Кеңеште болчу. Эми президенттик башкарууну тандагандан кийин ал укуктар албетте, Президентке өтөт. Ички жана тышкы саясатты Президент аныктайт. Мамлекеттик чиновниктердин саны өсүп, каржы маселеси кыйындап жатат деп эл түйшөлүүдө. Жаңы долбоор боюнча Президент менен Өкмөттүн аппараты биригет. Биринчиден, эл күткөндөй чиновниктердин саны кыскарат. Экинчиден, кабыл алына турган чечимдердин бардыгы бир жерден иштелип, тез аранын ичинде ишке ашуусуна жол ачылат. Анын аткарылышын көзөмөлдөгөн эки баштуу аппараттын ордуна бирөө болуп калат. Аппараттардын жана Жогорку Кеңештин депутаттарынын санынын кыскарышы менен бир топ каражат үнөмдөлөт. Муну жөнөкөй эл түшүнүшү керек.

Венеция комиссиясы адам укугу боюнча жагдайлар мурдакы Баш мыйзамдарга караганда кеңейгендигин белгиледи. Бул жаңы долбоор соңку отуз жылдык тарыхыбызда улуттук өзгөчөлүгүбүздү жана географиялык шартыбызды кароо менен кыргыз тилинде жазылгандыгынын өзү жалпы эл үчүн чоң утуш болду десек болот.

**- Президент аткаруу бийлигин өз мойнуна алды деп жар салып жатабыз. Анан ошол мойнундагы милдетин жана жоопкерчилигин аткара албай калган учурда мыйзам алдындагы жоопкерчилиги кандай каралган?**

- Мамлекет башчыбыз Садыр Нургожоевич президенттик шайлоо алдында аткаруу бийлигинин жоопкерчилигин өз мойнуна алып жаткандыгын бир нече жолу айтты. Ушул жерден өзгөчө белгилеп койчу жагдай, буга чейин бир да Президент эл алдына чыгып, жоопкерчилик тууралуу ачык айта алган эмес. Тескерисинче көшөгөнүн артына туруп алып, каалагандай калчап келишпедиби. Жогорку Кеңеш депутаттардын үчтөн экисинин добушу аркылуу Президентке импичмент жарыялай алат. Бул дүйнөлүк практикада бар. Мындан сырткары өкмөт мүчөлөрүнүн ар биринин жоопкерчилигин Президент өзү жеке карайт. Анын негизинде иштен четтетүүгө толук укугу бар. Демек, укугуна жараша жоопкерчилиги да турат. Ошондуктан, Президенттин жоопкерчилиги тууралуу олку-солку ойлор болбошу керек.

**- Конституциялык жаңы долбоор тууралуу өткөн тегерек столдо айрым кемчиликтердин кетип калгандыгы айтылды. Мүчүлүштүктөрүн оңдоого мүмкүнчүлүктөр барбы?**

- Бул аксиома. Конституциялык долбоор референдумга коюлгандыктан, азыр мүмкүнчүлүк жок. Абройлуу Венеция комиссиясынын сунуш-пикирлерин да эске алышыбыз керек. Конституциялык кеңешме үч айдан ашык талкууларды жүргүздү. Ар кандай жыйындар өттү. Кеткен алешемдиктерди буга чейин айтууга кенен убакыт да бар эле. Конституцияда каралган нормаларды жүзөгө ашырыш үчүн келечекте жүздөгөн мыйзамдар кабыл алынат. Айтылып жаткан сунуштар зарыл болсо, мыйзам аркылуу киргизүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Келе турган Жогорку Кеңеш референдум өткөрбөй эле өзгөртүү жана толуктоолорду киргизсе болот. Келечекте кандай Жогорку Кеңеш келет?! Ал элдин тандоосуна жараша болот. Татыктуулар келсе бийликтин ортосундагы тең салмактуулук жакшы сакталат. Бул жагын эл эсинен чыгарбашы зарыл. Парламентке келе турган депутаттар канчалык абройлуу, кесипкөй, элим, мекеним деп жанын сабаган жарандар келсе өлкөдө тезирээк өзгөрүү болот. Анткени, сапаттуу мыйзамдар кабыл алынат. Бул - мыйзамдуулуктун, тартиптин, өнүгүүнүн башаты.

**- Баш мыйзамга улуттук руханий баалуулуктардын киргизилишине каршы чыккандар да болду. Сиз бул тууралуу кандай ойдосуз?**

- Кыргыз элинде ата-бабалардан келе жаткан улуттук улуу салттар бар. Биз айыл жеринде чоңойгонбуз. Ошондуктан, улуу муундар мындай нерселерди туу тутуп келе жатабыз. Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо деген мыйзамда каралбаган үрп-адат, салттарыбыз бар. Мына ошонун баары баш мыйзамга түздөн-түз жазылбаса дагы мүмкүн болушунча камтылды. Президентибиз Садыр Жапаров бекеринен “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү” Жарлыгын жарыялабаса керек. Акыркы жылдары биз Батышты туураганды адат кылып калдык. Кыргыздын өзүнүн ата-бабадан келе жаткан улуттук өзгөчөлүктөрү бар. Мындай баалуулуктарды чанбай, келечек муун үчүн эреже катары киргизсек болот. Бул жагы кош колдоп колдоого татыктуу болду. Япондор ааламдашуу доорунда дагы өздөрүнүн самурайлык салт-санааларын сактап келе жатышпайбы. Анын сыңарындай биз дагы тилибизди, дилибизди бекем тутуубуз зарыл. Конституциябыз Кыргыз Республикасынын кыртышында өсүп чыккан дарак болсо, ага жараша адеп-ахлагыбызды жогорулатышыбыз керек. Жогорку Кеңеште кандай “маданияттуу” адамдар олтургандыгын жалпы эл көрүп жатат. Алар бардык жактан элге үлгү болушу керек. Кийген кийиминен баштап, кабыл алынып жаткан чечимдер боюнча сүйлөгөн сөзүнө, тапкан кирешелерине чейин кынтыксыз болууга милдеттүү деп ойлойм. Бул жагынан жаңы Конституция кабыл алынгандан кийин дагы улуттук баалуулуктардын негизинде мамлекеттик идеология, стратегия жана күчтүү программага негизделген концепциялар иштелип чыгат деген ак тилегим бар.

**- Эгемендиктин, бийликтин ээси эл. Эл өзүнүн бийлигин кандай жолдор менен жүзөгө ашыра алат?**

- Эл - бийликтин ээси, туткасы, булагы. Эл өзүнүн бийлигин өкүлчүлүгү аркылуу ишке ашырып жатпайбы. Ошондуктан, шайлоого жана референдумга жоопкерчилик менен мамиле кылышы керек. Добуш берүүгө ар бир жаран өзү катышсын. Анын добушу аркылуу мамлекеттин тагдыры чечилет. Мен барсам да барбасам да бийлик өз билгенин жасап коёт деп таарынып үйдө олтуруп алуудан алыс бололу. Жасап койгонго мүмкүнчүлүк берилбей тургандыгын, администрациялык ресурс колдонулбастыгын азыркы бийлик, өкмөт бекем убадалап жатат. Эл дагы өз добушун сактоого аракет жасашы керек. Добушун сатып алган, сатып жаткан адам да жаңы мыйзам боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартылат. Шайлоолордо мүмкүн болушунча өзүбүздүн эркибизди билдиришибиз керек. Джон Рокфеллер: “Адам эмнеге умтулса да максаттын тактыгы ийгиликтин негизи болот”, - деп айткан экен. Андыктан урматтуу шайлоочулар добуш сатуу ар намысыңды, абийириңди саткан менен барабар. Кыргыздар абийирин бийик туткан эл экенибизди эч качан унутпайлы.

**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

## 2014-ЖЫЛДЫН 30-МАЙЫНДА МИНСК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНЕ КАТЫШКАН-МАМЛЕКЕТТЕРДИН КУРАЛДУУ КҮЧТӨРҮН ТОПОГЕОДЕЗИЯЛЫК ЖАНА НАВИГАЦИЯЛЫК КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖААТЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2021-жылдын 17-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**
2014-жылдын 30-майында Минск шаарында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан-мамлекеттердин куралдуу күчтөрүн топогеодезиялык жана навигациялык камсыз кылуу жаатындагы кызматташтык жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 31-марты, №45***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О СОТРУДНИЧЕСТВЕ В ОБЛАСТИ ТОПОГЕОДЕЗИЧЕСКОГО И НАВИГАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ ВООРУЖЕННЫХ СИЛ ГОСУДАРСТВ-УЧАСТНИКОВ СОДРУЖЕСТВА НЕЗАВИСИМЫХ ГОСУДАРСТВ, ПОДПИСАННОГО 30 МАЯ 2014 ГОДА В ГОРОДЕ МИНСКЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 февраля 2021 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение о сотрудничестве в области топогеодезического и навигационного обеспечения вооруженных сил государств-участников Содружества Независимых Государств, подписанное 30 мая 2014 года в городе Минске.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Исполнительный комитет Содружества Независимых Государств о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 31 марта 2021 года, №45***

## 2020-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕ МОСКВА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН, 2014-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМГЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУНА БАЙЛАНЫШТУУ 2014-ЖЫЛДЫН 29-МАЙЫНДАГЫ ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН, ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН УКУГУНА КИРГЕН АЙРЫМ ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН ЖАНА ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН ОРГАНДАРЫНЫН АКТЫЛАРЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ТАРАБЫНАН КОЛДОНУЛУШУ БОЮНЧА ШАРТТАР ЖАНА ӨТКӨӨЛ ЖОБОЛОР ТУУРАЛУУ 2015-ЖЫЛДЫН 8-МАЙЫНДАГЫ ПРОТОКОЛГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2021-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**
2020-жылдын 14-апрелинде Москва шаарында кол коюлган, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимге Кыргыз Республикасынын кошулуусуна байланыштуу 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин, Евразия экономикалык бирлигинин укугуна кирген айрым эл аралык келишимдердин жана Евразия экономикалык бирлигинин органдарынын актыларынын Кыргыз Республикасы тарабынан колдонулушу боюнча шарттар жана өткөөл жоболор тууралуу 2015-жылдын 8-майындагы протоколго өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө протокол ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Евразия экономикалык комиссиясына көрсөтүлгөн Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 31-марты, №46***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ ПРОТОКОЛА О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ПРОТОКОЛ ОБ УСЛОВИЯХ И ПЕРЕХОДНЫХ ПОЛОЖЕНИЯХ ПО ПРИМЕНЕНИЮ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ ДОГОВОРА О ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ ОТ 29 МАЯ 2014 ГОДА, ОТДЕЛЬНЫХ МЕЖДУНАРОДНЫХ ДОГОВОРОВ, ВХОДЯЩИХ В ПРАВО ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА, И АКТОВ ОРГАНОВ ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА В СВЯЗИ С ПРИСОЕДИНЕНИЕМ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К ДОГОВОРУ О ЕВРАЗИЙСКОМ ЭКОНОМИЧЕСКОМ СОЮЗЕ ОТ 29 МАЯ 2014 ГОДА ОТ 8 МАЯ 2015 ГОДА, ПОДПИСАННОГО 14 АПРЕЛЯ 2020 ГОДА В ГОРОДЕ МОСКВЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 февраля 2021 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Протокол о внесении изменений в Протокол об условиях и переходных положениях по применению Кыргызской Республикой Договора о Евразийском экономическом союзе от 29 мая 2014 года, отдельных международных договоров, входящих в право Евразийского экономического союза, и актов органов Евразийского экономического союза в связи с присоединением Кыргызской Республики к Договору о Евразийском экономическом союзе от 29 мая 2014 года от 8 мая 2015 года, подписанный 14 апреля 2020 года в городе Москве.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Евразийскую экономическую комиссию о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Протокола.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 31 марта 2021 года, №46***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 14-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №570 "БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫ КАМТЫГАН СЫРЬЁЛУК ТОВАРЛАР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Жер казынасын пайдалануунун өткөөл мезгилин белгилөө жана үзгүлтүксүз өндүрүштүк процессин камсыздоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**
**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-сентябрындагы №570 "Баалуу металлдарды камтыган сырьёлук товарлар менен операцияларды жүргүзүүнүн айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
1[1]-пунктундагы "2021-жылдын 1-апрелинен" деген сөздөр "2021-жылдын 1-сентябрынан" деген сөздөр менен алмаштырылсын.
**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 29-марты, №118***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2021-ЖЫЛГА КАРАТА ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТТЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ БИРГЕЛЕШКЕН БИЛДИРҮҮСҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН

### ТОКТОМУ

2021-жылга карата экономикалык саясаттын негизги багыттарын аныктоо жана ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17 жана 46-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы **токтом кылышат:**
**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2021-жылга карата экономикалык саясаттын негизги багыттары жөнүндө биргелешкен билдирүүсү тиркемеге ылайык жактырылсын.
**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Премьер-министри** **У.МАРИПОВ**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын төрагасы** **Т.АБДЫГУЛОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 30-марты, №120/10-1***

## МОСКВА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ЖАНА РЕЗЕРВИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Москва аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү М.Б.Усенбаев, М.Т.Акматбеков, Т.Э.Эсеналиев жана Б.А.Саралаев Москва аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө арызынын негизинде, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18, 19-беренелерине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Чүй облусунун Москва аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Усенбаев Марат Бекболотович, Акматбеков Максат Турусбекович, Эсеналиев Тилек Эмильевич жана Саралаев Бейшенбек Аланбаевич комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Вишнивецкий Игорь Вальеревич, Айдыралиев Айбек Мамбетович, Джаилов Аскарбек Сатаевич, Ешалиева Назгуль Жолдошбековна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом “Эркин-Тоо” газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.
**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 29-марты, №94***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН САЛЫК ЖОЛ-ЖОБОЛОРУН ФИСКАЛДАШТЫРУУНУН ЭЛЕКТРОНДУК СИСТЕМАСЫН КИРГИЗҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

**ТОКТОМУ**

Салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын киргизүүнүн алкагында жүргүзүлүп жаткан салык саясатынын ырааттуулугун камсыз кылуу, айрым товарларды идентификациялоо каражаттары менен маркалоону натыйжалуу киргизүү жана маалыматтарды реалдуу убакыт режиминде берүү функциясы менен контролдук-кассалык машиналарды колдонуу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-октябрындагы №554 «Кыргыз Республикасында айрым товарларды санариптик идентификациялоо каражаттары менен маркалоо тартиби жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында санариптик идентификациялоо каражаттары менен милдеттүү маркалоого тийиш болгон өндүрүлүүчү же импорттолуучу/ташылып киргизилүүчү жана сатып өткөрүлүүчү товарлардын айрым түрлөрүнүн тизмесинде жана милдеттүү маркалоону киргизүүнүн мөөнөттөрүндө:

- «Маркалоону киргизүү мөөнөтү» графасындагы «2021-жылдын 1-апрели» деген сөздөр «2021-жылдын 1-июлу» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- «Маркаланбаган продукцияны сатууга тыюу салууну киргизүү мөөнөтү» графасындагы «2021-жылдын 1-октябрынан тартып» деген сөздөр «2022-жылдын 1-январынан тартып» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 2-пункту «2402» деген цифралардан кийин «, 2403» деген цифралар менен толукталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-декабрындагы №690 «Товарлардын айрым түрлөрүн санариптик идентификациялоо каражаттары менен маркалоо боюнча пилоттук (эксперименттик) долбоорду өткөрүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2 жана 8-пункттарындагы «31-мартына» деген сөздөр «30-июнуна» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлүүчү же импорттолуучу/ташылып келүүчү жана сатылуучу товарлардын идентификациялоо каражаттары менен ыктыярдуу маркаланууга тийиш айрым түрлөрүнүн тизмегинде:

- 3-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 24-июнундагы №356 «Салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын киргизүү боюнча чаралар жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-пунктунда:

- 1 жана 4-пунктчаларындагы «апрелинен» деген сөздөр «июлунан» деген сөз менен, 2-пунктчасындагы «апрелине» деген сөз «июлуна» деген сөз менен алмаштырылсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы 5-пунктча менен толукталсын:

«5) товарларды идентификациялоо (товарларды маркалоо) каражаттарынын коддору жөнүндө маалыматтын кассалык чектерде чагылдырылышын милдеттүү түрдө камсыз кылуу жана ыйгарым укуктуу салык органына жана/же фискалдык маалыматтардын операторуна реалдуу убакыт режиминде берүү тууралуу талаптарды аткаруу мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ишинин спецификасына же жайгашкан жеринин өзгөчөлүгүнө жараша контролдук-кассалык машиналарды колдонбостон акчалай эсептешүүлөрдү жүргүзө алган субъекттердин тизмегинде:

- 3-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Белгилүү мөөнөткө чейин ККМди колдонбостон акчалай эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө укуктуу субъекттердин тизмеги жана ККМди колдонуудан бошотуу мөөнөттөрү 1-таблицада берилген.

1-таблица

| № | Субъекттер тарабынан ыктыярдуу патенттин негизинде ишке ашырылуучу иштин түрлөрү | Бошотуу мөөнөттөрү | |
|---|---|---|---|
| | | Бишкек жана Ош шаарларында | башка административдик-аймактык бирдиктерде |
| 1. | соода борборлорунда жана үйлөрүндө жайгашкан, аянты 10 (он) кв. метрге чейинки түйүндөрдө товарларды сатуу, кызматтарды көрсөтүү же жумуштарды аткаруу | 2021-жылдын 1-июлуна чейин | 2022-жылдын 1-январына чейин |
| 2. | убактылуу түйүндөрдү (павильондорду, боз үйлөрдү, бастырмаларды, башка убактылуу курулмаларды) пайдалануу менен коомдук тамактануу түйүндөрүндө кызматтарды көрсөтүү | 2021-жылдын 1-июлуна чейин | 2022-жылдын 1-январына чейин |
| 3. | соода залынын аянты 20 (жыйырма) кв. метрге чейинки павильондордо, контейнерлерде, башка убактылуу курулмаларда товарларды сатуу | 2021-жылдын 1-июлуна чейин | 2022-жылдын 1-январына чейин |
| 4. | жеңил транспортто жүргүнчүлөрдү ташуу (такси кызмат көрсөтүүлөрү) боюнча кызматтарды көрсөтүү | 2022-жылдын 1-январына чейин | 2022-жылдын 1-июлуна чейин |
| 5. | калктан айнек идиштерди, утилдештирилүүчү чийки затты жана металл сыныктарын кабыл алуу | 2022-жылдын 1-январына чейин | 2022-жылдын 1-июлуна чейин |
| 6. | базарлардын, чакан базарлардын, көргөзмөлөрдүн, жарманкелердин аймагында жайгашкан төмөнкүлөрдөн тышкары товарларды сатуу, кызматтарды көрсөтүү же жумуштарды аткаруу:<br>- дүкөндөрдөн;<br>- жайгашкан жеринен туруктуулугу менен мүнөздөлүүчү, атайын жабдылган жана соода жүргүзүүгө арналган имараттарда жана курулуштарда жайгашкан стационардык соода объекттеринен;<br>- баалуу металлдардан жана таштардан жасалган зер буюмдарын сатуучу соода түйүндөрүнөн;<br>- окшош жайланыштырылган жана товардын көрүнө болушун, сакталышын камсыз кылуучу, соода залынын аянты 20 (жыйырма) кв. метр жана андан ашык болгон павильондордон, контейнерлерден жана башка стационардык эмес соода түйүндөрүнөн. | 2022-жылдын 1-апрелине чейин | 2022-жылдын 1-октябрына чейин |
| 7. | тамак-аш азыктарынан тышкары, гүл өстүрүүчүлүк продукциясын жана айыл чарба продукциясын, эл керектөөчү товарларды аянты 7 (жети) кв. метрге чейинки күркөлөрдө жана ларёктордо чекене сатуу | 2022-жылдын 1-апрелине чейин | 2022-жылдын 1-октябрына чейин |
| 8. | гезит-журнал күркөлөрүндө гезиттерди жана журналдарды, ошондой эле коштоочу товарларды сатуу | 2022-жылдын 1-июлуна чейин | 2023-жылдын 1-январына чейин |
| 9. | квас, сүт жана сергитүүчү суусундуктарды цистернадан/челектерден чекене сатуу жана автомобилден жашылчаларды, жемиштерди жана башка айыл чарба продукциясын сатуу | 2023-жылдын 1-январына чейин | 2023-жылдын 1-январына чейин |
| 10. | азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарларды колго көтөрүп майда чекене сатуу, кол арабада, себеттерде, лотоктордо (анын ичинде атмосфералык жаан-чачындан каркастар менен корголгон, полиэтилен плёнка, калың кездеме, брезент ж.б. менен капталган) сатуу | 2024-жылдын 1-январына чейин | 2024-жылдын 1-январына чейин |
| 11. | мейманкана кызмат көрсөтүүлөрүнөн жана батирлерди суткасына ижарага берүүдөн тышкары, жеке менчик кыймылсыз мүлктү турак жай үчүн жалдоого берүү (ижарага берүү) | 2024-жылдын 1-январына чейин | 2024-жылдын 1-январына чейин |

3) аталган токтом менен бекитилген салык жол-жоболорун фискалдаштыруунун электрондук системасын ишке киргизүүнүн алкагында субъекттердин контролдук-кассалык машиналарга өтүү жана колдонуу графигинде:

- 3 жана 4-пункттарындагы «апрелинен» деген сөз «июлунан» деген сөз менен алмаштырылсын;

- 1-таблицадагы «1-этап (Бишкек жана Ош шаарларында)» главасында:

1, 2, 3 жана 4-пункттарындагы «апрелинен» деген сөз «июлунан» деген сөз менен алмаштырылсын;

5, 6 жана 7-пункттарындагы «июлунан» деген сөз «октябрынан» деген сөз менен алмаштырылсын;

8 жана 9-пункттарындагы «2021-жылдын 1-октябрынан» деген сөздөр «2022-жылдын 1-январынан» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**4.** Ушул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2021-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 31-марты, №123***

## 2021-ЖЫЛДЫН 1-ЯНВАРЫНАН ТАРТЫП МӨӨНӨТТҮҮ КЫЗМАТТАГЫ СОЛДАТТАРДЫН ЖАНА МАТРОСТОРДУН ИЧИНЕН АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫНА МАЙЫПТЫГЫ БОЮНЧА ПЕНСИЯНЫН МИНИМАЛДУУ ӨЛЧӨМҮН ЖАНА ЧЕРНОБЫЛЬ АЭСиндеги ЖАНА ЖАРАНДЫК ЖЕ АСКЕРДИК БАГЫТТАГЫ БАШКА АТОМДУК ОБЪЕКТТЕРДЕГИ АВАРИЯНЫН КЕСЕПЕТТЕРИН ЖОЮУГА КАТЫШУУЧУЛАРДЫН ПЕНСИЯЛАРЫНА КОМПЕНСАЦИЯЛЫК ТӨЛӨӨЛӨРДҮ БЕЛГИЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

**ТОКТОМУ**

«Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесин ишке ашыруу жана пенсионерлерге мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесептеттерин жоюу иштерине Кыргыз Республикасынын жарандарынын олуттуу салымын таануу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин «в» пунктунда каралган мөөнөттүү кызматтагы солдаттардын жана матростордун ичинен аскер кызматчыларына майыптыгы боюнча пенсиянын минималдуу өлчөмү 2021-жылдын 1-январынан тартып 4800 сом өлчөмүндө белгиленсин.

**2.** 2021-жылдын 1-январынан тартып Чернобыль АЭСиндеги жана жарандык же аскердик маанидеги башка атомдук объекттердеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышуучулардын «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» жана «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген пенсияларына ар айлык компенсациялык төлөөлөр төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленсин:

1) пенсияларынын өлчөмдөрү 4800 сомдон ашкан адамдарга 400 сомго;

2) пенсияларынын өлчөмдөрү 4800 сомго жетпеген адамдарга 4800 сом менен алуучу пенсиясынын өлчөмүнүн ортосундагы айырма катарында аныкталуучу, бирок 400 сомдон кем эмес өлчөмдө.

**3.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги ушул токтомго ылайык пенсияларды жана компенсациялык төлөөлөрдү төлөп берүү үчүн республикалык бюджеттен кошумча каражат караштырсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду ушул токтомдун 1 жана 2-пункттарында каралган пенсияларды жана компенсациялык төлөөлөрдү белгиленген тартипте кайра эсептөө жүргүзсүн жана төлөп берсин.

**5.** Ушул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2021-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**6**. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 25-марты, №115***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2010-ЖЫЛДЫН 5-МАРТЫНДАГЫ №130 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН ВЕДОМСТВОЛУК БӨЛҮМЧӨЛӨРҮНҮН ЖОБОЛОРУН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

**ТОКТОМУ**

Өзгөчө кырдаалдарга өз убагында жана ыкчам чара көрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 5-мартындагы №130 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ведомстволук бөлүмчөлөрүнүн жоболорун бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча департаменти жөнүндө жободо:

- 6-пунктундагы "Бишкек шаары, А.Токтоналиев көчөсү, 2/1" деген сөздөр "Ош шаары, Нариман көч. н-ж" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**2.** Ушул токтомду ишке ашырууга байланыштуу чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине республикалык бюджеттен 2021-жылга каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөрү белгиленсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги:

1) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

2) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**5.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 25-марты, №117***

ХАЛЫК БАНК КЫРГЫЗСТАН HALYK BANK HALYK BANK KYRGYZSTAN

# “ХАЛЫК БАНК КЫРГЫЗСТАН” ААК

**2021-жылдын 31-мартында Казакстан Республикасы, Алматы шаарында Банктын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушу болуп өткөндүгүн маалымдайт. Чогулушка добуш берүүчү акциялардын 100%ына ээлик кылуу үлүшү менен акционердин 1 өкүлү катышты.**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушун өткөрүүнүн тартибин аныктоо жөнүндө жана “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун протоколуна кол коюуга ыйгарым укуктуу адамды аныктоо жөнүндө.
2. 2020-жылдагы “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын бекитүү жөнүндө (анын ичинде 2020-жыл үчүн жылдык отчётту, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчётту, каржылык пландын аткарылышы жөнүндөгү отчётту, “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Башкармалыгынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү отчётту).
3. 2020-жыл үчүн “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын кирешелерин бөлүштүрүү жөнүндө.
4. “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Директорлор кеңешинин 2020-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү отчётту кароо жөнүндө.
5. 2020-жыл үчүн “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Текшерүү комиссиясынын отчётун кароо жөнүндө.
6. 2020-жыл үчүн “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Аудит боюнча комитетинин ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматты кароо жөнүндө.
7. ФОЭС стандарттары боюнча түзүлгөн “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Бизнес-планын (бюджетин) бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык түзүлгөн 2021-2023-жылдарга “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Бизнес-планын (бюджетин) бекитүү жөнүндө.
8. 2021-финансы жылына “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын тышкы аудиторун шайлоо жана анын кызмат көрсөтүүсүнө төлөнүүчү акынын өлчөмүн аныктоо жөнүндө.
9. “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Директорлор кеңешинин курамын шайлоо жөнүндө.
10. “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Директорлор кеңешинин көз карандысыз мүчөсүнө төлөнүүчү сыйакынын жана компенсациялардын өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө.
11. “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо жөнүндө.

**ЧОГУЛУШТУН ЧЕЧИМИ:**

***Биринчи маселе боюнча:***
**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**
1. “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык өткөрүлсүн.
2. “Казакстандын Элдик Банкы” АКнын башкармалыгынын төрагасынын м.а. Кошенов Мурат Узакбаевич “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун төрагасы болуп шайлансын жана “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун протоколуна кол коюуга ыйгарым укук берилсин.

***Экинчи маселе боюнча:***
**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**
Бекитилсин:
1) 2020-жылдагы “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, анын ичинде финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттары (ФОЭС) боюнча жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык түзүлгөн 2020-жыл үчүн жылдык отчёт, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчёт, каржылык пландын аткарылышы жөнүндөгү отчёт.
2) “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Башкармалыгынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү отчёт.

***Үчүнчү маселе боюнча:***
**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптары боюнча түзүлгөн, 2020-жылдын жыйынтыктары боюнча алынган 185 246 693,94 (бир жүз сексен беш миллион эки жүз кырк алты миң алты жүз токсон үч) сом токсон төрт тыйын өлчөмүндөгү киреше төмөндөгүдөй түрдө бөлүштүрүлсүн:
1) 2020-жылдагы “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча дивиденддер төлөнбөсүн;
2) Таза кирешенин 185 246,69 (бир жүз сексен беш миң эки жүз кырк алты) сом алтымыш тогуз тыйын өлчөмүндөгү 0,1 пайызы капиталдык резервди түзүүгө багытталсын;
3) Кирешенин 185 061 447,25 (бир жүз сексен беш миллион алтымыш бир миң төрт жүз кырк жети) сом жыйырма беш тыйын өлчөмүндөгү калган суммасы “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын бөлүштүрүлбөгөн кирешесинин курамында калтырылсын;
2020-жылдын жыйынтыктары боюнча алынган, ФОЭС талаптары боюнча түзүлгөн 223 625 693,94 (эки жүз жыйырма үч миллион алты жүз жыйырма беш миң алты жүз токсон үч) сом токсон төрт тыйын өлчөмүндөгү киреше “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын бөлүштүрүлбөгөн кирешесинин курамында калтырылсын.

***Төртүнчү маселе боюнча:***
**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**
2020-жылдагы “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Директорлор кеңешинин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча отчёту ушул протоколдун №1 тиркемесине ылайык редакцияда бекитилсин жана “Халык Банк Кыргызстан” ААКнын Директорлор кеңешинин иши канааттандырарлык деп табылсын.

***Бешинчи маселе боюнча:***
**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**
